**«Апам менен атама»**
**Созу обону: Роза Алкожа**

**Жан күйөрүм мага,**
**Сен сүйөрүм апа,**
**Бар асылым апа,**
**Ынагымсың.**
**Багбанымсың ата,**
**Зор бактымсың ата,**
**Коргонумсуң ата,**
**Чырагымсың.**
**Кайырма:**
**Апа, дайыма сен менен мактанамын,**
**Апа, мен сени Меккеге алпарамын,**
**Апа, бейиш го сен барда төрт тарабым,**
**Булагымсың.**
**Ата, бир айткан сөзүңө шаттанамын,**
**Ата, мен сени Меккеге алпарамын,**
**Ата, бийикке жетелейт айткандарың,**
**Чынарымсың ата.**
**Өмүр берген мага,**
**Көңүл бөлгөн мага,**
**Кудай берген мага,**
**Ай, күнүмсүң.**
**Камкорлорум даана**
**Кубат берээр мага**
**Атам менен апам,**
**Байлыгымсыз,**
**Кайырма:**Келесиңби, жан эркем?